# GOETHE-ZERTIFIKAT C1

## DURCHFÜHRUNGSBESTIMMUNGEN
## СЫНАКТЫ ӨТКӨРҮҮ ТУУРАЛУУ ЖОБО

Stand: 1. September 2020
Редакциясы: 2020-жылдын 1-сентябры

Zertifiziert durch
Тастыкталган

ALTE Q218

GOETHE INSTITUT
Sprache. Kultur. Deutschland.

# Durchführungsbestimmungen zur Prüfung GOETHE-ZERTIFIKAT C1

Stand: 1. September 2020

Die *Durchführungsbestimmungen* zur Prüfung GOETHE-ZERTIFIKAT C1 sind Bestandteil der *Prüfungsordnung des Goethe-Instituts* in ihrer jeweils aktuellen Fassung.

Die Prüfung GOETHE-ZERTIFIKAT C1 wird vom Goethe-Institut getragen. Sie wird an den in § 2 der *Prüfungsordnung* genannten Prüfungszentren weltweit nach einheitlichen Kriterien durchgeführt und bewertet.

Die Prüfung dokumentiert die fünfte Stufe – C1 – der im *Gemeinsamen europäischen Referenzrahmen für Sprachen (GER)* beschriebenen sechsstufigen Kompetenzskala und damit die Fähigkeit zur kompetenten Sprachverwendung.

## § 1 Prüfungsbeschreibung

### § 1.1 Bestandteile der Prüfung

Die Prüfung GOETHE-ZERTIFIKAT C1 besteht aus folgenden obligatorischen Teilprüfungen:

- schriftliche Gruppenprüfung,
- mündliche Paar- oder Einzelprüfung.

### § 1.2 Prüfungsmaterialien

Die Prüfungsmaterialien bestehen aus *Kandidatenblättern* mit Antwortbögen *(Lesen, Hören, Schreiben)*, *Prüferblättern* mit den Bögen *Schreiben – Bewertung, Sprechen – Bewertung, Schreiben – Ergebnis, Sprechen – Ergebnis* und dem Bogen *Gesamtergebnis* sowie Tonträgern.

Die *Kandidatenblätter* enthalten die Aufgaben für die Prüfungsteilnehmenden:

- Texte und Aufgaben zum Prüfungsteil LESEN (Aufgaben 1–3);
- Aufgaben zum Prüfungsteil HÖREN (Aufgaben 1 und 2);
- Textvorlagen und Aufgaben zum Prüfungsteil SCHREIBEN (Aufgaben 1 und 2);
- Textvorlagen und Aufgaben zum Prüfungsteil SPRECHEN (Aufgaben 1 und 2).

# GOETHE-ZERTIFIKAT C1 сынагын өткөрүү тууралуу жобо

Редакциясы: 2020-жылдын 1-сентябры

GOETHE-ZERTIFIKAT C1 сынагын өткөрүү тууралуу жобо Гёте атындагы институттун *Сынактарды тапшыруу тартибинин* анын актуалдуу версиясындагы мазмундук бөлүгү болуп саналат.

GOETHE-ZERTIFIKAT C1 сынагы Гёте атындагы институт тарабынан иштелип чыккан. Сынак *Сынактарды тапшыруу тартибинин* 2-параграфында аталган жана дүйнө жүзү боюнча ачылган сынак борборлорунда бирдиктүү критерийлер боюнча өткөрүлөт жана бааланат.

Сынак *Жалпы Европалык чет тилди билүү компетенцияларынын (GER)* алты деңгээлдүү шкаласы боюнча бешинчи С1 деңгээлине дал келет жана немис тилинде эркин сүйлөөнү тастыктайт.

## § 1 Сынактын мүнөздөмөсү

### § 1.1 Сынактын баскычтары

GOETHE-ZERTIFIKAT C1 сынагы төмөнкү милдеттүү
баскычтардан турат:

- топ менен бирге өткөрүлгөн жазуу түрүндө сынак,
- оозеки экиден же жеке сынак.

### § 1.2 Сынак материалдары

Сынак материалдарына жооп бланкалары камтылган сынакты тапшыруучунун формулярлары (*Угуу, Окуу, Жазуу*), *Сүйлөө – Баалоо* жана *Сүйлөө – Жыйынтык бланкалары, Жалпы жыйынтык бланкасы камтылган сынак алуучунун формулярлары*, ошондой эле үн жаздыргычтар кирет.

*Сынак тапшыруучунун формулярлары* сынактын катышуучулары үчүн тапшырмаларды камтыйт:

- ОКУУ модулу боюнча тексттер жана тапшырмалар (1-3-тапшырмалар);
- УГУУ модулу боюнча тапшырмалар (1- жана 2-тапшырмалар);
- ЖАЗУУ модулу боюнча тексттер жана тапшырмалар (1- жана 2- тапшырмалар);
- СҮЙЛӨӨ модулу боюнча тексттер жана тапшырмалар (1- жана 2- тапшырмалар).

In die Antwortbögen tragen die Prüfungsteilnehmenden ihre Lösungen bzw. ihren Text ein. Gegebenenfalls wird den Prüfungsteilnehmenden vom Prüfungszentrum gestempeltes Konzeptpapier zur Verfügung gestellt.

Жооптор бланкасына сынак тапшыруучулар өзүнүн жоопто-рун же текстти жазышат. Керектүү жагдайда борбор сынактын катышуучуларына борбордун мөөрү коюлган кошумча кагаздарды (черновик) берет.

Die *Prüferblätter* enthalten
- die Lösungen bzw. Lösungsvorschläge;
- die Transkriptionen der Hörtexte;
- die Anweisungen zur Bewertung der schriftlichen Prüfungsteile;
- die Anweisungen zur Durchführung und Bewertung der mündlichen Prüfung.

*Сынак алуучунун формулярларына* төмөнкүлөр кирет:
- жооптор жана чечимдердин варианттары;
- угузуу үчүн тексттердин транскрипциялары;
- сынактын жазуу түрүндөгү бөлүгүнүн жыйынтыктарын текшерүү боюнча нускамалар;
- оозеки сынакты өткөрүү жана текшерүү боюнча нускамалар.

In die Antwortbögen *Lesen und Hören* bzw. in die Bögen *Schreiben – Bewertung* und *Sprechen – Bewertung* tragen die Prüfenden ihre Bewertung ein. Die Ergebnisse werden jeweils auf die Bögen *Schreiben – Ergebnis* und *Sprechen – Ergebnis* übertragen. Auf dem Bogen *Gesamtergebnis* werden die Ergebnisse der Teilprüfungen zusammengeführt.

*Окуу* жана *Угуу* бланкаларына, ошондой эле *Жазуу-Баалоо* жана *Сүйлөө-Баалоо* бланкаларына сынак алуучулар өз бааларын жазышат. Жыйынтыктар *Жазуу-Жыйынтык* жана *Сүйлөө-Жыйынтык* бланкаларына көчүрүлөт. *Жалпы жыйынтык бланкасына* сынактын ар бир бөлүгүнүн жыйынтыктары жазылат.

Die Tonträger enthalten die Texte zum Prüfungsteil HÖREN sowie alle Anweisungen und Informationen.

Үн жаздыргычка УГУУ модулуна карата тексттер, ошондой эле бул модулду өткөрүү боюнча нускамалар жана маалыматтар жаздырылган.

### § 1.3 Prüfungssätze

Die Materialien zu den schriftlichen Prüfungsteilen sind jeweils in *Prüfungssätzen* zusammengefasst. Die Materialien zum Prüfungsteil SPRECHEN sind – davon unabhängig – ebenfalls in *Prüfungssätzen* zusammengefasst.
Die schriftlichen *Prüfungssätze* können mit den mündlichen *Prüfungssätzen* beliebig kombiniert werden.

### § 1.3 Сынак топтомдору

Сынактын жазуу түрүндөгү бөлүктөрү үчүн материалдар *тийиштүү сынак топтомдоруна* бириктирилген. СҮЙЛӨӨ модулу боюнча материалдар жазуу түрүндөгү бөлүктүн материалдары менен байланыштуу эмес жана *сынак топтомдоруна* да бириктирилген.
Сынактын жазуу түрүндөгү бөлүктөрүнүн сынак топтомдору *сынактын оозеки түрүндөгүбөлүктөрүнүн сынак топтомдору* менен каалагандай айкалыша алат.

### § 1.4 Zeitliche Organisation

Die schriftliche Prüfung findet in der Regel vor der mündlichen statt. Falls schriftliche und mündliche Prüfung nicht am selben Tag stattfinden, liegen zwischen schriftlicher und mündlicher Prüfung maximal 14 Tage.

### § 1.4 Сынакты өткөрүүнүн убактысы аныкталган регламент

Жазуу түрүндөгү сынак эрежеге ылайык оозеки сынактан мурун болот. Эгерде жазуу түрүндөгү жана оозеки сынак бир күндө өткөрүлбөй калса, алардын ортосундагы убакыт аралыгы 14 күндөн ашпашы керек.

Die schriftliche Prüfung dauert ohne Pausen insgesamt 190 Minuten:

| Prüfungsteil | Dauer |
|---|---|
| LESEN | 70 Minuten |
| HÖREN | ca. 40 Minuten |
| SCHREIBEN | 80 Minuten |
| Gesamt | 190 Minuten |

Der Prüfungsteil SPRECHEN wird in der Regel als Paarprüfung durchgeführt, in Ausnahmefällen ist auch eine Einzelprüfung möglich. Die mündliche Paarprüfung dauert circa 15 Minuten, die Einzelprüfung circa 10 Minuten.
Zur Vorbereitung auf den Prüfungsteil SPRECHEN erhalten die Teilnehmenden sowohl für die Paar- als auch für die Einzelprüfung 15 Minuten Zeit.

Für Prüfungsteilnehmende mit spezifischem Bedarf können die angegebenen Zeiten verlängert werden. Einzelheiten sind in den *Ergänzungen zu den Durchführungsbestimmungen: Prüfungsteilnehmende mit spezifischem Bedarf* geregelt.

## § 1.5 Protokoll über die Durchführung der Prüfung

Über die Durchführung der Prüfung wird ein Protokoll geführt, das besondere Vorkommnisse während der Prüfung festhält und mit den Prüfungsergebnissen archiviert wird.

## § 2 Die schriftliche Prüfung

Für die schriftliche Prüfung wird folgende Reihenfolge empfohlen: LESEN – HÖREN – SCHREIBEN. Aus organisatorischen Gründen kann die Reihenfolge der Prüfungsteile von den Prüfungszentren geändert werden.

Zwischen jedem dieser Prüfungsteile ist eine Pause von mindestens 10 Minuten vorzusehen.

Жазуу түрүндөгү сынак тыныгууларды эске албаганда жалпы жонунан 190 мүнөткө созулат:

| Сынактын | Узактыгы |
|---|---|
| ОКУУ | 70 мүнөт |
| УГУУ | б.м. 40 мүнөт |
| ЖАЗУУ | 80 мүнөт |
| Жалпы | 190 мүнөт |

СҮЙЛӨӨ баскычы эрежеге ылайык, экиден сынак түрүндө өткөрүлөт, өзгөчө жагдайларда жеке сынак өткөрүлүшү мүмкүн. Экиден оозеки сынактын узактыгы болжолу менен 15 мүнөт жана жеке оозеки сынактын узактыгы 10 мүнөттү түзөт. Экиден жана жеке сынактын катышуучуларына оозеки сынакка даярдануу үчүн 15 мүнөт берилет.

Сынакты өткөрүү убактысы өзгөчө муктаждыкка ээ катышуучулар үчүн узартылышы мүмкүн. Мындай сынакты өткөрүү боюнча толук маалымат *Сынактарды өткөрүү тууралуу жобого толуктоолор: өзгөчө муктаждыктарга ээ адамдар* бөлүгүндө кененирээк жазылган.

## § 1.5 Сынакты өткөрүү протоколу

Сынак өткөрүлүп жатканда протокол түзүлөт. Ага сынак учурунда болуп жаткан бардык өзгөчө жагдайлар жазылат. Протоколдор сынактын жыйынтыктары тууралуу маалымат менен бирге сакталат.

## § 2 Жазуу түрүндөгү сынак

Жазуу түрүндөгү сынакты өткөрүүнүн төмөнкү регламенти сунушталат: ОКУУ– УГУУ – ЖАЗУУ. Уюштуруучулук себептер боюнча бул регламент сынак борбору тарабынан өзгөртүлүшү мүмкүн.

Ар бир модуль аяктагандан кийин эң аз 10 мүнөттүк тыныгуу каралган

## § 2.1 Vorbereitung

Vor dem Prüfungstermin bereitet der/die Prüfungsverantwortliche unter Beachtung der Geheimhaltung die Prüfungsmaterialien vor. Dazu gehört auch eine inhaltliche Überprüfung inklusive des Tonträgers.

## § 2.2 Ablauf

Vor Beginn der Prüfung weisen sich alle Teilnehmenden aus. Die Aufsichtsperson gibt danach alle notwendigen organisatorischen Hinweise.

Vor Beginn der jeweiligen Prüfungsteile werden die entsprechenden *Kandidatenblätter* und Antwortbögen sowie bei Bedarf gestempeltes Konzeptpapier ausgegeben.
Die Teilnehmenden tragen alle erforderlichen Daten auf Antwortbögen und Konzeptpapier ein; erst dann beginnt die eigentliche Prüfungszeit.

Die *Kandidatenblätter* zu den jeweiligen Prüfungsteilen werden ohne Kommentar ausgegeben; alle Aufgabenstellungen sind auf den *Kandidatenblättern* erklärt.
Am Ende der jeweiligen Prüfungsteile werden alle Unterlagen, auch das Konzeptpapier, eingesammelt. Beginn und Ende der Prüfungszeit werden jeweils in geeigneter Form von der Aufsichtsperson mitgeteilt.

**Für die schriftliche Prüfung gilt folgender Ablauf:**

1. Die Prüfung beginnt in der Regel mit dem Prüfungsteil LESEN. Die Teilnehmenden markieren bzw. schreiben ihre Lösungen im Regelfall direkt auf den Antwortbogen *Lesen*. Falls die Teilnehmenden ihre Lösungen zunächst auf den *Kandidatenblättern* notieren, planen sie für das Übertragen ihrer Lösungen auf den Antwortbogen *Lesen* circa 5 Minuten innerhalb der Prüfungszeit ein.

## § 2.1 Даярдык

Сынак башталар алдында сынакты өткөрүү боюнча жооп-керчиликтүү адис купуялуулук эрежелерин сактоо менен сынак материалдарын даярдайт. Мындан сырткары, ал дагы бир жолу материалдардын мазмунун, аны менен бирге үн жаздыргычтарды текшерип чыгат.

## § 2.2 Сынакты өткөрүү жол-жобосу

Сынак башталар алдында бардык катышуучулар өзүнүн инсандыгын ырасташы керек. Сынак учурунда байкоо жүргүзүүчү адис бардык керектүү нускамаларды берет.
Ар бир сынактык модуль башталардан мурун сынактын катышуучуларына *сынак тапшыруучунун тийиштүү формулярлары*, жооп бланкалары жана (керектүү жагдайда) сынак борборунун мөөрү коюлган кошумча кагаз берилет. Сынактын катышуучулары жооптор бланкасына керектүү жеке маалыматтарды жазышат жана кошумча кагаздарга (черновик) колтамгасын коюшат, андан соң гана сынактын өзүнүн убактысы башталат.
*Сынак тапшыруучунун формулярлары* кандайдыр бир түшүндүрмөсүз тийиштүү сынак модулу башталар алдында таратылат. Тапшырмалар боюнча бардык керектүү түшүндүрмөлөр *сынак тапшыруучунун формулярларында* жазылган.
Модуль аяктагандан кийин бардык сынак материалдары кошумча кагаздар (черновик) менен бирге чогултулат. Сынак учурунда байкоо жүргүзгөн адис сынак тапшыруучулар үчүн ыңгайлуу түрдө сынактын башталгандыгы жана аяктагандыгы тууралуу билдирет.

**Бир күндө жазуу түрүндөгү модулдарды тапшыруу үчүн төмөнкү регламент каралган:**

1. Эрежеге ылайык, сынак ОКУУ модулунан башталат. Сынактын катышуучулары жооптордун арасынан өзүнүн варианттарын Окуунун жооптор бланкасына жазышат же белгилешет. Эгерде сынактын катышуучулары варианттарын алгач *Сынак тапшыруучунун формулярларына* жазган болсо, алар Окуунун жооптор бланкасына сынак аяктаганга чейин жоопторду көчүрүү үчүн убакытты 5 мүнөт калгыдай кылып алдын ала туура бөлүштүрүп алышы керек.

2. Nach einer Pause wird der zweite Prüfungsteil (in der Regel HÖREN) durchgeführt. Der Tonträger wird von der Aufsichtsperson gestartet. Die Teilnehmenden schreiben bzw. markieren ihre Lösungen zunächst auf den *Kandidatenblättern* und übertragen sie am Ende auf den Antwortbogen *Hören*. Für das Übertragen ihrer Lösungen stehen den Teilnehmenden circa 5 Minuten innerhalb der Prüfungszeit zur Verfügung.

3. Nach einer Pause bearbeiten die Teilnehmenden den dritten Prüfungsteil (in der Regel SCHREIBEN).
Sie erhalten zuerst das *Kandidatenblatt* mit den Themen zu Aufgabe 1, treffen ihre Wahl und erhalten dann das *Kandidatenblatt* mit dem gewählten Thema (Aufgabe 1/Thema 1 oder Aufgabe 1/Thema 2).
Nach der Themenwahl beginnt die Prüfungszeit; eine Änderung der Themenwahl ist danach nicht mehr möglich. Den Text zu Aufgabe 1 verfassen die Teilnehmenden direkt auf dem Antwortbogen *Schreiben*.

2. Тыныгуудан кийин сынактын экинчи модулу өткөрүлөт (эрежеге ылайык, УГУУ). Сынак учурунда байкоо жүргүзгөн адам үн жаздыргычты күйгүзөт. Сынактын катышуучулары *сынак тапшыруучунун формулярларында* жооптордун арасынан өзүнүн варианттарын белгилейт, аягында аларды *угуунун* жооптор бланкасына көчүрүшөт. Жоопторду көчүрүү үчүн сынактын катышуучуларына сынактын убактысынын алкагында болжолу менен 5 мүнөт бөлүнөт.

3. Тыныгуудан кийин сынактын катышуучулары сынактын үчүнчү модулуна өтүшөт (эрежеге ылайык ЖАЗУУ). Алар алгач *Сынак тапшыруучунун формулярларын* 1-тапшырмага карата темалар менен алышат, темалардын бирин тандайт жана алар тандаган тема боюнча *сынак тапшыруучунун формулярларын* алышат (1-тапшырма/1-тема же 1-тапшырма/2-тема). Теманы тандагандан кийин сынактын убактысы эсептеле баштайт. Ошол учурдан тартып тандалган теманы өзгөртүүгө болбойт. 1-тапшырманын текстин сынактын катышуучулары түздөн-түз *Жазуунун* жооптор бланкасына жазышат.

## § 3 Der Prüfungsteil SPRECHEN

Die Aufgabe 1 des Prüfungsteils SPRECHEN dauert für jede/-n Teilnehmende/-n circa 3 Minuten, die Aufgabe 2 dauert circa 6 Minuten. Das einleitende Gespräch sowie Vorstellung der Prüfenden und Teilnehmenden dauern insgesamt circa 3 Minuten.

## § 3 СҮЙЛӨӨ модулу

СҮЙЛӨӨ модулунун тапшырмасын аткаруу үчүн ар бир катышуучуга болжолу менен 3 мүнөт берилет; 2-тапшырмага – болжолу менен 6 мүнөт. Сынак алуучулар менен сынак тапшыруучулардын таанышуу үчүн баарлашуусу жалпы жонунан 3 мүнөт болот.

### § 3.1 Organisation

Für die Prüfung steht ein geeigneter Raum zur Verfügung. Tisch- und Sitzordnung werden so gewählt, dass eine freundliche Prüfungsatmosphäre entsteht.

Wie in der schriftlichen Prüfung muss die Identität der Teilnehmenden vor Beginn der mündlichen Prüfung zweifelsfrei festgestellt werden.

### § 3.1 Сынакты уюштуруу

Сынакты өткөрүү үчүн тийиштүү бөлмө берилет. Сынакты тапшыруучуларга аудиторияда ыңгайлуу болгудай отуруу сунушталат.

Жазуу түрүндөгү да, оозеки да сынак башталар алдында бардык сынак тапшыруучулар өзүнүн инсандыгын күбөлөндүрүшү керек.

## § 3.2 Vorbereitung

Für die Vorbereitung steht ein geeigneter Raum zur Verfügung. Die Aufsichtsperson gibt den Teilnehmenden ohne Kommentar die *Kandidatenblätter* für den Prüfungsteil SPRECHEN; alle Aufgabenstellungen sind auf den *Kandidatenblättern* vermerkt. Für Notizen steht gestempeltes Konzeptpapier zur Verfügung.

Die Teilnehmenden dürfen ihre in der Vorbereitungszeit erstellten stichpunktartigen Notizen während der mündlichen Prüfung verwenden.

## § 3.2 Даярдануу

Сынакка даярдануу үчүн ылайыктуу бөлмө берилет. Сынак учурунда байкоо жүргүзгөн адам эч кандай түшүндүрмөсүз СҮЙЛӨӨ модулу үчүн *сынак тапшыруучунун формулярларын* бардык катышуучуларга берет. Тапшырмалар боюнча бардык керектүү түшүндүрмөлөр *сынак тапшыруучунун формулярларында* жазылган. Сынак тапшыруучуларга кошумча кагаздар (черновик) сынак борборунун мөөрү коюлган таза кагаз түрүндө берилет.

Оозеки сынакта сынактын катышуучулары даярдануу учурунда жазылган негизги сөздөр түрүндөгү кыскача жазуулар менен пайдаланууга укуктуу.

## § 3.3 Ablauf

Der Prüfungsteil SPRECHEN wird von zwei Prüfenden durchgeführt. Eine/-r der Prüfenden übernimmt die Moderation des Prüfungsteils SPRECHEN. Beide Prüfenden machen Notizen und bewerten die Prüfungsleistungen unabhängig voneinander.

**Für den Prüfungsteil SPRECHEN gilt folgender Ablauf:**

Zu Beginn begrüßen die Prüfenden die Teilnehmenden und stellen sich selbst kurz vor. Anschließend werden die Teilnehmenden gebeten, sich selbst vorzustellen. Die Prüfenden erläutern vor jedem Prüfungsteil kurz die Aufgabenstellung. Außerdem entscheiden sie, welche/-r Teilnehmende beginnt.

1. In Aufgabe 1 sprechen die Teilnehmenden nacheinander über ein vorgegebenes Thema. Eine Diskussion findet nicht statt.

2. In Aufgabe 2 bestimmen die Vorgaben auf dem *Kandidatenblatt* Ziel und Thema des Gesprächs zwischen den Teilnehmenden; die Auswahlangebote bilden dazu die konkreten Grundlagen. In der Einzelprüfung ist eine/-r der Prüfenden Gesprächspartner/-in der/des Teilnehmenden.

## § 3.3 Сынакты өткөрүү жол-жобосу

СҮЙЛӨӨ модулун эки сынак алуучу кабыл алат. Сынак алуучулардын бири СҮЙЛӨӨ модулун жүргүзөт. Эки сынак алуучу тең бири-биринен көз карандысыз түрдө сынактын жыйынтыктарын баалашат жана маалыматтарды жазышат.

**СҮЙЛӨӨ модулу үчүн төмөнкү регламент каралган:**

Сынактын башталышында сынак алуучулар катышуучулар менен саламдашат жана өзүлөрүн кыскача тааныштырышат. Андан соң сынактын катышуучулары өзүн тааныштырат. Сынактын ар бир бөлүгүнүн башталышында сынак алуучулар берилүүчү тапшырмалар боюнча кыскача түшүндүрмө беришет. Мындан сырткары, алар сынактын катышуучуларынын кимиси биринчи жооп берерин аныкташат.

1. 1-тапшырмада сынактын катышуучулары катары менен берилген тема боюнча оюн билдиришет. Талкуу жүргүзүлбөйт.

2. 2-тапшырмада сынак тапшыруучунун формулярындагы маалымат сынактын катышуучуларынын ортосундагы баарлашуунун максатын жана темасын аныктайт, баарлашуунун негизин алар тандаган тема түзөт. Жеке сынакты өткөрүүдө баарлашуу үчүн экинчи тараптын ролун сынак алуучулардын бири аткарат.

Am Ende der Prüfung werden alle Unterlagen, auch das Konzeptpapier, eingesammelt.

Сынактын аягында бардык сынак материалдары, кошумча жардамчы кагаздар (черновик) менен бирге чогултулат.

## § 4 Bewertung schriftliche Prüfung

Die Bewertung der schriftlichen Prüfungsteile findet im Prüfungszentrum oder in ausgewiesenen Diensträumen statt. Die Bewertung erfolgt durch zwei unabhängig Bewertende. Die Ergebnisse aus der schriftlichen Prüfung werden nicht an die Prüfenden der mündlichen Prüfung weitergegeben.

## § 4 Жазуу түрүндөгү сынактын жыйынтыктарын баалоо

Жазуу түрүндөгү сынактын ар бир модулунун жыйынтыктарын баалоо сынак борборунда же бул максат үчүн атайын бөлүнгөн бөлмөлөрдө жүргүзүлөт. Сынактын жыйынтыктарын баалоо бири-биринен көз карандысыз болгон эки сынак алуучу тарабынан жүзөгө ашырылат. Жазуу түрүндөгү модулдардын жыйынтыктары СҮЙЛӨӨ модулунун сынак алуучуларына айтылбайт.

### § 4.1 LESEN

Im Prüfungsteil LESEN sind maximal 25 Punkte erreichbar. Es werden nur die vorgesehenen Punktwerte vergeben, pro Lösung 1 Punkt, 0,5 Punkte (Lesen 2) oder 0 Punkte. Zur Berechnung des Ergebnisses werden die in Aufgabe 3 vergebenen Punkte durch den Faktor 2 dividiert; anschließend werden die in den Aufgaben 1, 2 und 3 erzielten Punkte addiert.
Die erzielten Punkte werden in den Antwortbogen *Lesen* eingetragen, der von beiden Bewertenden gezeichnet wird.

### § 4.1 ОКУУ

ОКУУ модулу үчүн эң көп 25 балл берилет. Ар бир тапшырма аныкталган баллдардын саны менен бааланат, аткарылган бир тапшырма үчүн катышуучулар 1 баллга, 0.5 баллга (Окуу 2) жана 0 баллга ээ болушат. Жыйынтыкты эсептөө үчүн 3-тапшырмада топтолгон баллдар 2 санына бөлүнөт, андан соң 1-,2- жана 3-тапшырмаларда алынган баллдар кошулат.
Жыйынтык *Окуунун* жооптор бланкына жазылат, ага эки сынак алуучу колтамгаларын коюшат.

### § 4.2 HÖREN

Im Prüfungsteil HÖREN sind maximal 25 Punkte erreichbar. Es werden nur die vorgesehenen Punktwerte vergeben, pro Lösung 1 Punkt oder 0 Punkte. Zur Berechnung des Ergebnisses werden die in Aufgabe 2 vergebenen Punkte mit dem Faktor 1,5 multipliziert; anschließend werden die in den Aufgaben 1 und 2 erzielten Punkte addiert. Halbe Punkte werden nicht aufgerundet.
Die Punkte werden in den Antwortbogen *Hören* eingetragen, der von beiden Bewertenden gezeichnet wird.

### § 4.2 УГУУ

УГУУ модулу үчүн эң көп 25 балл берилет. Ар бир тапшырма аныкталган баллдардын саны менен бааланат, аткарылган бир тапшырма үчүн катышуучулар 1 баллга же 0 баллга ээ болушат. Жыйынтыкты эсептөө үчүн 3-тапшырмада топтолгон баллдар 2 санына бөлүнөт, андан соң 1-, 2- жана 3-тапшырмаларда алынган баллдар кошулат.
Жыйынтык *Угуунун* жооптор бланкына жазылат, ага эки сынак алуучу колтамгаларын коюшат.

## § 4.3 SCHREIBEN

Die Aufgaben zum Prüfungsteil SCHREIBEN werden von zwei Bewertenden getrennt bewertet. Die Bewertungen werden jeweils auf einem Bogen *Schreiben – Bewertung* eingetragen und ggf. kommentiert. Die in Aufgabe 1 und 2 erzielten Punkte werden addiert. Halbe Punkte werden nicht aufgerundet. Zur Ermittlung des Gesamtergebnisses wird das arithmetische Mittel aus den beiden Bewertungen gezogen. Eine **Drittbewertung** (= Bewertung 3) erfolgt, wenn die vergebenen Punktzahlen für den Prüfungsteil SCHREIBEN der/des einen Bewertenden **unterhalb** der Bestehensgrenze und der/des anderen Bewertenden **oberhalb** der Bestehensgrenze liegen und dabei **das arithmetische Mittel** aus beiden Bewertungen **unter der Bestehensgrenze** von 15 Messpunkten liegt.
Das Ergebnis wird auf dem Bogen *Schreiben – Ergebnis* eingetragen. Der Bogen *Schreiben – Ergebnis* wird als rechnerisch richtig gezeichnet und von einer/einem der Bewertenden unterschrieben.

## § 4.3 ЖАЗУУ

Сынактын ЖАЗУУ модулу үчүн тапшырмаларды бири-биринен көз карандысыз эки сынак алуучу баалайт. Баалар *Жазуу-Баалоо* бланкасына жазылат, керектүү жагдайда, пикирлер да калтырылат. 1- жана2-тапшырмаларды аткаруу үчүн алынган баллдар кошулат. Бүтүн эмес баллдар тегеректелбейт. Жалпы жыйынтыкты эсептөө үчүн эки баанын тең орточо арифметикалык көрсөткүчү алынат. Сынак алуучулардын бири тарабынан коюлган ЖАЗУУ модулу үчүн баллдардын саны сынакты тапшыруу үчүн керектүү эң аз деңгээлге жетпей калса, ал эми башка сынак алуучу тарабынан коюлган баллдардын саны бул деңгээлден ашык болсо, жана мында эки баанын тең орточо арифметикалык көрсөткүчү 15 баллга жетпеген учурда Үчүнчү сынак алуучу тарабынан баалоо (= 3-баалоо) жүзөгө ашырылат.
Жыйынтык Жазуу-Жыйынтык *бланкасына* жазылат. Бул бланка математикалык жактан туура катары жазылат жана бир сынак алуучунун колтамгасы менен күбөлөндүрүлөт.

### § 4.3.1 SCHREIBEN, Aufgabe 1

Die Bewertung von Aufgabe 1 erfolgt nach festgelegten Bewertungskriterien (s. *Übungssatz*, Teil *Prüferblätter*).
Es werden nur die vorgegebenen Punktwerte für jedes der Kriterien vergeben; Zwischenwerte sind nicht zulässig.

In Aufgabe 1 sind maximal 20 Punkte erreichbar. Bewertet wird die Reinschrift auf dem Antwortbogen *Schreiben*.

### § 4.3.1 ЖАЗУУ, 1-тапшырма

1-тапшырманын жыйынтыктарын баалоо алдын ала аныкталган критерийлердин негизинде жүргүзүлөт (*көнүгүүлөр* топтомун, *сынак алуучу формулярынын* бөлүгүн окуңуз). Ар бир критерий алдын ала аныкталган баллдардын саны менен бааланат. Арадагы баллдарга уруксат берилбейт.
1-тапшырма үчүн эң көп 20 балл берилет. *Жазуунун* жооптор бланкасындагы жазуулар гана бааланат.

### § 4.3.2 SCHREIBEN, Aufgabe 2

In Aufgabe 2 sind maximal 5 Punkte erreichbar. Es werden nur die vorgegebenen Punktwerte vergeben, pro Lösung 0,5 Punkte oder 0 Punkte.
Wenn der/die Teilnehmende mehrere Lösungen angibt, wird nur die erste Lösung gewertet.

### § 4.3.2 ЖАЗУУ, 2-тапшырма

2-тапшырма үчүн эң көп 5 балл алууга болот. Тапшырма баллдардын аныкталган саны менен бааланат. Аткарылган бир тапшырма үчүн сынак тапшыруучу 0,5 баллга же 0 баллга ээ болот. Сынактын катышуучусу жооптун бир нече варианттарын берсе, биринчи жооп гана эсепке алынат.

## § 5 Bewertung Prüfungsteil SPRECHEN

Die Aufgaben des Prüfungsteils SPRECHEN werden von zwei Prüfenden getrennt bewertet.
Die Bewertung erfolgt nach festgelegten Bewertungskriterien (s. *Übungssatz*, Teil *Prüferblätter*). Es werden nur die vorgesehenen Punktwerte für jedes der Kriterien vergeben; Zwischenwerte sind nicht zulässig.

Im Prüfungsteil SPRECHEN sind maximal 25 Punkte erreichbar, jeweils 12,5 Punkte bei den Aufgaben 1 und 2. Einleitungsgespräch und Vorstellung der Teilnehmenden werden nicht bewertet.

Zur Ermittlung des Ergebnisses des Prüfungsteils SPRECHEN wird aus beiden Bewertungen das arithmetische Mittel gezogen und auf volle Punkte gerundet (bis 0,49 wird abgerundet, ab 0,5 wird aufgerundet).
Das Ergebnis des Prüfungsteils SPRECHEN wird auf dem Bogen *Sprechen – Ergebnis* festgehalten und als rechnerisch richtig gezeichnet.

## § 6 Gesamtergebnis

Die Ergebnisse der einzelnen schriftlichen Prüfungsteile und das Ergebnis des Prüfungsteils SPRECHEN werden – auch bei nicht bestandener Prüfung – auf den Bogen *Gesamtergebnis* übertragen. Der Bogen *Gesamtergebnis* wird von beiden Prüfenden unter Angabe der jeweiligen Bewerternummer unterschrieben.

### § 6.1 Ermittlung der Gesamtpunktzahl

Zur Ermittlung der Gesamtpunktzahl werden die in den einzelnen Prüfungsteilen erzielten Punkte addiert.
Es wird weder auf- noch abgerundet, auch nicht an den Notengrenzen.

### § 6.2 Punkte und Prädikate

Die Prüfungsleistungen werden in Form von Punkten und Prädikaten dokumentiert. Es gelten folgende Punkte und Prädikate für die Gesamtprüfung:

## § 5 СҮЙЛӨӨ модулунун жыйынтыктарын баалоо

Сынактын СҮЙЛӨӨ модулунун жыйынтыктары бири-биринен көз карандысыз эки сынак алуучу тарабынан алдын ала аныкталган критерийлердин негизинде бааланат (*көнүгүүлөр* топтомун, *сынак алуучу формулярынын* бөлүгүн окуңуз). Ар бир критерий алдын ала аныкталган баллдардын саны менен бааланат. Арадагы баллдарга уруксат берилбейт.
СҮЙЛӨӨ модулу үчүн эң көп 25 балл берилет, 1- жана 2-тапшырмалар үчүн 12,5 баллдан. Киришүү баарлашуусу жана катышуучуларды тааныштыруу бааланбайт.

Сынактын СҮЙЛӨӨ бөлүгү үчүн жыйынтыкты алуу үчүн бүтүн санга чейин тегеректеле турган эки баанын орточо арифме-тикалык көрсөткүчү эсептелет (0,49 чейин – азаят, 0,50 өйдө – көбөйөт).
Сынактын СҮЙЛӨӨ бөлүгүнүн жыйынтыгы *Сүйлөө – Жыйынтык* бланкасына жазылат жана математикалык эсептелген түрдө белгиленет.

## § 6 Жалпы жыйынтык

Жазуу түрүндөгү сынактын өзүнчө модулдарынын жыйынтыктары жана СҮЙЛӨӨ модулунун жыйынтыгы, аны менен бирге кабыл алынбаган сынак жагдайында да, *Жалпы жыйынтык бланкына* жазылат, ага сынак алуучунун жеке номери жазылып, эки сынак алуучунун тең жеке колтамгасы менен күбөлөндүрүлөт.

### § 6.1 Баллдардын жалпы санын эсептөө

Баллдардын жалпы санын эсептөө үчүн сынактын ар бир баскычы үчүн алынган баллдардын санын кошуу керек. Алынган жыйынтык тегеректелбейт.

### § 6.2 Баллдар жана баалар

Сынактын жыйынтыктары балл жана баа түрүндө сынактын жалпы жыйынтыгы бааларынын жана баллдардын төмөнкү шкаласы боюнча бааланат:

| Punkte | Prädikat |
|---|---|
| 100–90 | sehr gut |
| 89,5–80 | gut |
| 79,5–70 | befriedigend |
| 69,5–60 | ausreichend |
| 59,5–0 | nicht bestanden |

| Баллдар | Баа |
|---|---|
| 100–90 | эң мыкты |
| 89,5–80 | жакшы |
| 79,5–70 | канааттандырарлык |
| 69,5–60 | жетиштүү |
| 59,5–0 | кабыл алынбайт |

### § 6.3 Bestehen der Prüfung

Maximal können 100 Punkte erreicht werden, 75 Punkte im schriftlichen Teil und 25 Punkte im mündlichen Teil.

Die Prüfung ist bestanden, wenn insgesamt mindestens 60 Punkte (60 % der Maximalpunktzahl) erzielt und alle Prüfungsteile abgelegt wurden. Hiervon müssen mindestens 45 Punkte in der schriftlichen Prüfung und mindestens 15 Punkte in der mündlichen Prüfung erreicht werden. Andernfalls gilt die gesamte Prüfung als nicht bestanden.

### § 6.3 Сынакты ийгиликтүү тапшыруу

Сынакта эң көп 100 балл берилет: 75 балл - жазуу жүзүндөгү баскыч жана 25 – оозеки баскыч.

Сынактын катышуучусу эң аз 60 баллга ээ болсо (баллдардын мүмкүн болгон жогорку көрсөткүчүнөн 60%) жана сынактын бардык баскычтарын ийгиликтүү тапшырса, сынак тапшырылды деп эсептелет. Ошентип сынактын катышуучусу сынактын жазуу түрүндөгү бөлүгүндө эң аз 45 балл жана оозеки бөлүгүндө эң аз 15 баллга ээ болушу керек. Андай болбосо, сынак толугу менен тапшырылган жок деп эсептелет.

### § 7 Wiederholung und Zertifizierung der Prüfung

Es gelten § 14 und § 15 der *Prüfungsordnung*.

### § 7 Сынакты кайталоо жана тастыктоо

Мында *Сынактарды тапшыруу тартибинин* 14- жана 15-параграфтары колдонулууда.

### § 8 Schlussbestimmungen

Diese *Durchführungsbestimmungen* treten am 1. September 2020 in Kraft und gelten erstmals für Prüfungsteilnehmende, deren Prüfung nach dem 1. September 2020 stattfindet.

Im Falle von sprachlichen Unstimmigkeiten zwischen den einzelnen Sprachversionen der *Durchführungsbestimmungen* ist die deutsche Fassung maßgeblich.

### § 8 Жыйынтыктоочу жоболор

*Сынакты өткөрүү тууралуу* бул жобо 2020-жылдын 1-сентябрында күчүнө кирет жана 2020-жылдын 1-сентябрынан кийин сынак тапшыра турган катышуучуларга тиешелүү болот.

*Сынакты өткөрүү тууралуу жобонун* түзүлгөн тилдеринин ортосунда кайчы пикирлер орун алган учурда немис тилин-деги версиясы артыкчылыктуу күчкө ээ болот.

Legende zu Formatierungen:
VERSAL: Prüfungsnamen und Prüfungsteile (z. B. „Prüfungsteil SPRECHEN“)
*kursiv:* Dokumentenbezeichnungen, Eigennamen, Verweise (z. B. „Der Bogen *Gesamtergebnis* wird …“)

© 2020 Goethe-Institut e.V.
Bereich 41 – Prüfungsentwicklung und -vertrieb
www.goethe.de/pruefungen